# Мекеменин уставы «48 гимназия-мектеби»

## I. Жалпы жобо

1.1 “№48 гимназия-мектеби” жалпы билим берүүчүү, башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу мекеме болуп саналат.

1.2 №48 №48 гимназия-мектебинин уюштуруучусу болуп Бишкек шаары, Пушкина көчөсү, 125 дарегинде жайгашкан Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгы саналат.

1.3 Уюштуруу-укуктук формасы - оперативдүү башкаруу укугундагы мекеме.

1.4 №48 гимназия-мектеби өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын мыйзам жана нормативдик укуктук актыларынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгынын жана башка билим берүү башкармалыктарынын приказынын жана буйругунун, ошондой эле бул Уставдын негизинде жүргүзөт.

1.5 №48 гимназия-мектеби чексиз мөөнөткө түзүлөт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде мамлекеттик каттоодон өтөт.

1.6 Орус тилиндеги толук аталышы: образовательное учреждение “Школа- гимназия №48”.

1.7 Кыргыз тилиндеги толук аталышы: *“№48 гимназия-мектеби ”.*

1.8 Кыскартылган аталышы: *‘‘Школа-гимназия №48”.*

1.9 Гимназия-мектебинин юридикалык дареги: *Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Малдыбаев көчөсү 3, т.545836*

## II. №48 ГИМНАЗИЯ-МЕКТЕБИНИН УКУКТУК СТАТУСУ

2.1 №48 гимназия-мектеби 2010-жылы 10-февралда катталган (каттоо номуру 51292-3301-У-е, сериясы ГПР №0089055) “№48 гимназия-мектеби” мекемесинин укук мураскери болуп саналат, “№48 гимназия-мектеби” мекемесинин баардык укук жана милдеттерине ээлик кылат, каржы-чарбалык жана укуктук өз алдынчалыкка ээ, обочолонгон мүлк, өз алдынча баланс, мөөр, штамп жана кыргыз жана орус тилдеринде аталыштагы өздүк бланк, казыналык органдарында жана каржы-насыялык мекемелеринде эсеп-кысап жана өздүк эсеби бар юридикалык жак болуп саналат.

2.2 Оперативдик башкаруу укугунда №48 гимназия-мектебине бекитилген мүлк, ага карата №48 гимназия-мектеби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ээлик кылуу, колдонуу жана башкаруу укугун жүргүзөт.

2.3 №48 гимназия-мектеби жеке же юридикалык жактар аркылуу белек, кайыр- садага же мураска калтырылган акча каражаттарына, мүлккө жана башка менчик объектилерине менчик укукка ээ, ошондой эле ездук ишмердүүлүктөн түшкөн кирешелерге, ал кирешелерге сатылып алынган менчик объектилерине ээ.

2.4 №48 гимназия-мектеби уюштуруучунун, педагогикалык кенештин, №48 гимназия-мектебинин директорунун макулдугу менен мыйзамга ылайык бекитилген мүлктү ижарага берүүгө укуктуу. Ижарага берилген мүлктөн түшкөн киреше уставдык максаттарга карата колдонулат.

2.5 №48 гимназия-мектеби мыйзамда көрсөтүлгөн жарандык-укуктук келишимдерди жүргүзүүгө, сотто доочу жана жоопкер болууга, башка укук жана милдеттерге ээ.

2.6 №48 гимназия-мектебинин ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын белгиленген мыйзамдарынын негизинде аттестациядан өткөрүүгө жатат.

2.7 Уюштуруучулар №48 гимназия-мектебинин милдеттенмелери боюнча Кыргыз Республикасынын белгиленген мыйзамдарынын чегинде жоопкерчиликти тартат.

## III.ИШЕРДҮҮЛҮКТҮН ПРЕДМЕТИ ЖАНА АКСАТЫ

3.1 №48 гимназия-мектебинин шмердүүлүгүнүн предети болуп статусун аныктай турган негизги жалпы билим берүү программасынын тизмесине кирбеген, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде жалпы билим берүү программаларын, кошумча билим берүү программаларын, кошумча билим берүү кызматтарын (келишимдин негизинде) көрсөтүү процессинде окуучуларды окутуу жана тарбиялоо саналат.

3.2 №48 гимназия-мектебинин ишмердүүлүгүнүн максаты болуп төмөнкүлөр саналат:

мамлекеттик билим берүү стандартын өздөштүрүүнүн негизинде окуучунун инсандык жалпы маданиятын калыптандыруу;

заманбап билим берүү процессине жөндөмдүү инсанды калыптандыруу;

- професcионалдуу билим берүү программаларын түшүнүү менен тандай тургандай негиз түзүү жана аны андан ары өздөштүрүү;
- жарандуулукка, эмгекчилдикке, жарандын укугун жана эркиндигин сыйлоого, айлана-чөйрөгө, мекенге, үй-бүлөгө болгон сүйүүгө тарбиялоо;
- дени сак жашоону калыптандыруу;

окуучунун чыгармачылык, интеллектуалдык өнүгүүсү үчүн шарт түзүү.

## IV. ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН МИЛДЕТИ ЖАНА НЕГИЗГИ ПРИНЦИБИ

4.1 №48 гимназия-мектебинин ишмердүүлүгүнүн милдети болуп төмөнкүлөр саналат:

инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүп берүү;

психолого-педагогикалык камсыздоонун негизинде окутуу-тарбиялоо процессии түзүү;

- окутуу-тарбиялоо процессии дифференциациялоо жана индуализациялоо аркылуу окутуунун жыйынтыктуулугуна жетүү;

окуучуларга билим берүүчү ишмердүүлүктү активдештирүү жана алардын окууга болгон мотивациясын калыптандыруу;

- окуучулардын өз алдынча билим алууга, өзүн-өзү тарбиялоого, өстүрүүгө болгон муктаждыкты калыптандыруу, чыгармачылык потенциалын жогорулатуу;

окуучунун физикалык жана психологиялык ден-соолугун сактоо жана чыцдоо, дени сак жашоого умтулууга тарбиялоо;

окуучулардын жаш кезиндеги профбагытын жүзөгө ашыруу жана алардын коомдун жашоосуна адаптация болууга шарт түзүү;
- окуучуну социализациялоо, жалпы адамдык сапаттардын негизинде алардын маданиятын калыптандыруу;

инсандын адеп-ахлак сапаттарынын өнүгүүсүнө таасирин тийгизүүчү бош убакыттагы ишердүүлүгүн түзүү.

4.2 №48 гимназия-мектеби теменку принциптердин негизинде иш алып барат:

сапаттуу билим алууда Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын укуктарынын теңдиги;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарды аткаруу;
- эффективдүү билим берүү системасын түзүү;
- жалпы билим берүү уюмунун каржылык автономиясын камсыз кылуу;
- мамлекеттин каржы ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу;
- 1 окуучуга бирдиктуу стандартташтырылган каржылоо нормативинин. негизинде бюджеттик каржылоо менен камсы кылуу;
- билим берүү процессинин системалуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;
- ар бир жаран тарабынан милдеттүү жана бекер башталгыч жана негизги жалпы, орто жалпы билим алуусу;
- кошумча билим берүү кызматына карата акы төлөнүүчү кызмат аркылуу алынган кирешени өз алдынча башкаруу, башка кызматтардын кирешеси бөлөк баланс аркылуу эсептелет;
- №48 гимназия-мектебинин баардык каржылык ишмердүүлүгүнүн коомдук-мамлекеттик контроль үчүн тунуктугу жана жеткиликтүүлүгү.

## V. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИ

**5.1** №48 гимназия-мектебинде билим берүү расмий (орус) тилинде жүргүзүлөт.

**5.2** №48 гимназия-мектеби КР мыйзамдарында көрсөтүлгөн кадр саясатын жүргүзүүдө өзүнүн ыйгарым укуктарын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана башка нормативдик укуктук актыларынын, уставдын негизинде окутуу методдорун тандоо, тарбиялоо, илимий изилдөөнүн багытын аныктоо, уюштуруу, профессионалдык, каржы-чарбалык жана башка маселерди өз алдынча жүргүзө алат. №48 гимназия-мектеби баа коюу системасын, формасын, тартибин жана окуучулардын мезгилдүү аралык аттестациясын,билим берүү процессинин жана билим берүү технологияларынын усулдарын тандоодо өз алдынчалыгы.

**5.3** Биринчи класска курагы 6 жаштан башталган, бирок 7 жаштан кем эмес, ата-энесинин (же аларды алмаштыруучу адамдардын) каалоосунун негизинде кабыл алынат.

**5.4** №48 гимназия-мектебине окутуу жана тарбиялоо үчүн кабыл алуу буйрук менен бекитилет.Кабыл алуу процедурасы билим берүү жаатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген кабыл алуу эрежелери аркылуу жөнгө салынат.

**5.5** №48 гимназия-мектебини алуу үчүн ата-эне (мыйзамдуу өкулдөр) төмөнкү документтерди берүүсү керек:

№48 гимназия-мектебинин директорунун атына жазылган арыз;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн, ата-энесинин же аларды алмаштыргандардын паспортторунун көчүрмөсү;
- жашаган жери тууралуу справка;
- массалык мектепте баланын окуй ала турган мүмкүнчүлүгү тууралуу врачтын корутундусу бар медициналык картасы.

5.6 Окуучуларды 2-класстан 1-класска чейин кабыл алууда төмөнкү документтер талап кылынат:
- №48 гимназия-мектебинин директорунун атына жазылган арыз; туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн, ата-энесинин же аларды алмаштыргандардын паспортторунун көчүрмөсу;
- жашаган жери тууралуу справка;
- окуучу мурда окуган жалпы билим берүү мекемесинин мөөру менен күбөлөндүрүлгөн, жылдык баалары коюлган өздук иши;
- өтүүдө окуу жылынын жүрүшүндө окуучу мурда окуган жалпы билим берүү мекемесинин мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн, окуу жылында баардык предметтер боюнча учурдагы бааларынын көчүрмөсү.

5.7 Гимназия-мектебине окуучуларды кабыл алууда ата-эне (мыйзамдуу өкүлдөр) №48 гимназия-мектебинин уставы жана окуу-тарбия процессии жөнгө салган документтер менен таанышып чыгуусу зарыл.

5.8 №48 гимназия-мектеби билим берүү процессии жалпы билим берүү программасынын деңгээлине жараша, үч баскычтагы билим берүү менен иш жүзүнө ашырат:

1. Деңгээл - баштапкы билим берүү (4 жыл)

Окуучулардын өсүүсү, алардын окуганды, жазганды, санаганды билүүсү, окуу ишердүүлүгүнүн негизги ыкмалары, теоретикалык ой жүгүртүү элементтери, окууга болгон аракеттерди өзүн-өзү контролдоо ыкмалары, суйлөө жана өзүн-өзү алып жүрүү маданияты, жеке гигиена жана сергек жашоо образынын негиздери менен камсыз кылат. Баштапкы билим берүү негизги жалпы билим алуунун базасы болуп саналат.Биринчи деңгээл ошондой эле гуманитардык, социалдык-экономикалык, экологиялык-техникалык мерчем предметтерин үйрөнүү окуу процесстерин камсыз кылат; жөндөмдүү окуучулардын аныктоо жана алардын кийинки деңгээлдеги билим алуусун улантууга даярдоо.

2. Деңгээл - негизги жалпы билим берүү (5 жыл)

Окуучулар тарабынан негизги жалпы билим берүүнүн жалпы билим берүү программаларын, окуучулардын инсандык калыптанышына жана анын калыптануусунун шарттарын, алардын социалдык жактан калыптануусун өздөштүрөт. Экинчи деңгээл профильдик билим берүүгө чейинки убакты камсыз кылат.

3. Деңгээл - орто жалпы билим берүү (2 жыл)

Жалпы билим берүү даярдыктарынын акыркы этабы болуп саналат, окуучулар тарабынан негизги жалпы билим берүү деңгээлинин жалпы билим берүү программаларын камсыз кылуучу, окуучунун туруктуу маалымат арттыруучу кызыкчылыктарын жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүчү, билимди дифференциациялоонун

негизинде өз алдынча билим алуу ыкмаларын түзүү. Үчүнчү деңгээл жалпы билим берүү жана профильдик даярдоону аяктайт, гимназистердин дүйнөгө болгон көз карашты, философиялык-эстетикалык жана психологиялык даярдыкты камсыз кылат.

№48 гимназия-мектебинде билим берүү процесси жекечилик багытта, окуу-тарбия ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрлөрүнө болгон айкалышкан салттык жана инновациялык ыкмалардын кең спектрдагы, ар кандай формадагы окутуу жана тарбиялоо методдорун карманат. №48 гимназия-мектебиндеги жалпы билим берүүнүн мазмуну мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде өз алдынча иштелип чыккан, бекитилген жана ишке ашкан программалар менен аныкталат.

№48 гимназия-мектебинин баардык деңгээлинде спецкурстар өткорүлет, окуучулардын билимин тередеткен жана шыгын жана мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берген кружоктор, клубдар иштейт. Тарбиялоо иштери окуучулардын кызыкчылыктарын тереңдетүүгө, руханий жана маданий деңгээлин жогорулатууга багытталган; өз каалоосу жана кызматташтык принциптерине негизделген.

5.9 №48 гимназия-мектебинин окуу планы базистик окуу планынын, билим берүү программаларынын жана санитардык-гигиеналык талаптарды зеке алуу менен иштелип чыгат.

5.10 Ар бир класстагы жыйынтыктоочу жүктөө окуучулар үчүн окуу планына шайкеш келген максималдуу жеткиликтүү милдеттүү жүктөө болуп саналат.

5.11 №48 гимназия-мектебиндеги класстардын саны окуучулардын санынан жана санитардык нормаларды зеке алуу менен билим берүү процессии ишке ашыруу үчүн түзүлгөн шарттардан көз каранды.
№48 гимназия-мектеби өз каалоосу же ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) суроо-талаптары боюнча узартылган күндөгү окуучу тайпаларын, акы төлөнүүчү негизде окуучуларды мектепке даярдоо тайпаларын түзүүгө акылуу.

5.12 Окуу жылы 1-сентябрдан башталат. Окуу жылынын уланышы жана каникул окуу планынын негизинде жүргүзүлөт.

5.13 Экинчи жана үчүнчү днгээлдеги окуунун аякташы менен тестирлөө жүргүзүлөт, анын жыйынтыгынын негизинде гимназистер кийинки деңгээлге алынат.Тестирлөөнү өткөрүү үчүн окуу предметтери №48 гимназия-мектебинин педагогикалык кеңеши менен аныкталат. Тестирлөөдөн өтпөй калган гимназистер жалпы билим берүү программаларын ишке ашырган класстарга которулат.

5.14 №48 гимназия-мектебинин окуучуларын бекер медициналык тейлөөдөн өткөрүү атайын бекитилген саламаттыкты сактоо мекемеси (медициналык кызматкер) тарабынан жүргүзүлөт, ошондой эле администрация жана педагогикалык персонал сыяктуу эле дарылоо-профилактикалык иш- чараларын, санитардык-гигиеналык нормаларды сактоо, окуучуларды сапаттуу тамактандыруу үчүн жоопкерчиликтүү.

5.15 №48 гимназия-мектебинин окуучуларына тамактандырууну уюштуруу мектеп ашканасы аркылуу ишке ашырылат.

5.16 Билим беруүүпроцессии ишке ашыруу үчүн №48 гимназия-мектеби окуу планын Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгы тарабынан бекитилген базистик окуу планынын негизинде иштелип чыгат жана бекитилет.

5.17 №48 гимназия-мектебинде көп профилдик билим берүү жүргүзүлөт: гуманитардык, социалдык-экономикалык, экологиялык-эстетикалык. Балдардын ден-соолугун чыңдоо, алардын физикалык жактан толук кандуу өсүүсү үчүн ритмика, гимнастика, спорттук секциялары каралган. Заманбап эстетикалык билим берүүгө окуу программаларында эстетикалык цикл предметтерин чагылдырылышы өбөлгө түзөт: көп түрдүү музыка, көркөм чыгарма искусство, хореография, балдык жана заманбап бий боюнча сабактары. Сабак берүү жогорку квалификациялуу мугалимдер, ошондой эле саатына төлөнүүчү шартта ЖОЖдун профессордук-окутуучу курамы тарабынан жүргүзүлөт.
Окуу-тарбиялоо процессии уюштуруу, кармоо жана камсыз кылуу маселелери боюнча №48 гимназия-мектеби жогорку окуу жайлары менен тыгыз иш алып барат.

5.18 Негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүдө жалпаы билим берүү программаларын өздоштүрүү бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жалпы аттестациясы менен аяктайт.

5.19 Баштапкы мектептин 1-классында окуучунун жетишкендиги үчүн сапаттуу баа коюу колдонулат. Кийинки класстарда ал баа балл түрүндө коюлат: 5 (эң жакшы), 4 (жакшы), 3 (канааттандырарлык) жана 2 (канааттандырарлык эмес).

5.20 №48 гимназия-мектебиндеги сабак өтүү режими жогорку турган органдардын чечиминин жана сунушунун негизинде аныкталат жана бекитилет.

5.21 №48 гимназия-мектебиндеги дисциплина окуучулардын, тарбиялануучулардын, окутуучулардын жана №48 гимназия-мектебинин башка персоналдарынын адамдык сапатын сыйлоо негизинде сакталат.

5.22 №48 гимназия-мектеби мектептин кызматкерлери үчүн жумуш берүүчү болуп саналат. Гимназия-мектебинин педагогикалык жумушуна билим берүү жаатында КР мыйзамдары тарабынан аныктала турган маалымат цензи бар жактар кабыл алынат. Билим берүү ишмердигине соттун өкүмү же медициналык көрсөткүчтөрү боюнча тыюу салынган жактарга жол берилбейт, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза кодексинде көрсөтүлгөн атайылап жасалган оо жана өзгөчө оор кылмыштары үчүн жабылбай калган же жоюлбай калган соттолгондугу бар жактар кабыл алынбайт.

№48 гимназия-мектебинин педагогикалык жумушуна кабыл алуу үчүн төмөнкү документтер талап кылынат:

өздүгүн тактаган паспорт же башка документ;
эмгек китепчеси, биринчи жолу түзүлгөн эмгек келишими же айкалыштырып иштее шарттарынын негизинде жумушка орношкон кызматкердин жагдайын эске албаганда;
ИНН берилгендиги тууралуу күбөлүгү;

аскердик учетко алуу документа - аскер кызматын өтөөгө ылайыктуу же аскерге милдеттүү жак;

билими, квалификациясы же атайын билими бардыгы тууралуу документтер - жумушка кабыл алынууда талап кылынган атайын билим, квалификация же даярдык;

балдар менен иштөөдө каршы келе турган көрсөтмөсү жоктугу тууралуу медициналык жыйынтыгы;

айкалыштырып иштөө боюнча кабыл алынгандар эмгек китепчесинин ордуна негизги иштеген жеринен кызматы жана жумуш графиги көрсөтүлгөн справка көрсөтөт.

Жумушка кабыл алууда №48 гимназия-мектебинин администрациям жумушка кабыл алынып жаткан адамды кол койдуруп, төмөнкү документтер менен тааныштырат: №48 гимназия-мектебинин уставы, ички жумуш тартибинин эрежелери, кызматтык көрсөтмөлөр, эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздукту сактоо эрежелери тууралуу буйрук №48 гимназия-мектебинин ишмердүүлүгүн жөнгө салган башка документтер.

## VI. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНЕ КАТЫШУУЧУЛАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

6.1 Билим берүү процессинин катышуучулары: №48 гимназия-мектебинин окуучулары, алардын ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөрү), мугалимдер жана башка кызматкерлер.

6.2 Коюлган маселелерге жетүү үчүн өзүнүн милдеттерин аткарууда №48 гимназия-мектеби төмөнкүлөргө укуктуу:

өз алдынча чыгым сметаларын иштеп чыгуу жана бекитүү, ошондой эле аны өзгөртүү;

өз алдынча өзунун материалдык-техникалык, каржы жана кадр ресурстарын колдонуу;

мыйзамдардын жана ушул уставдын талаптарына ылайык билим берүү процессии уюштуруу;

- билим берүү жаатында КР мыйзамдарына ылайык, форманы түзүүдө, тандоодо жана колдонууда, окутуу жана тарбиялоо каражаттарды жана методдорду тандоодогу өз алдынчалык;
- төмөнкүлөрдү камсыз кылган №48 гимназия-мектебине кабыл алуунун тартибин орнотуу:
    a) баштапкы жалпы билим берүү деңгээлинде - атайын бекитилген аймакта жашаган жана баштапкы жалпы билим алууга укуктуу жактар (аталган аймакта жашабагандарга мекемеде бош орун жоктугу тууралуу негизде кабыл алуудан баш тартылышы мүмкүн);
    b) негизгижалпы жана орто жалпы билим берүү деңгээли - баштапкы мектепти ийгиликтүү актагандарды жана тестирлөонун жыйынтыгында конкурстук тандоодон өткөндөрдү кабыл алуу, ошондой эле жогорулатылган деңгээлдеги программа боюнча интенсивдүү интеллетуалдык эмгек сабактары үчүн ден соолугу

боюнча каршы көрсеткүчтөрү жок жактарды кабыл алуу (гимназиянын мугалимдеринин, жергиликтүү билим берүү органдарынын өкүлдөрүнүн, врачтардын, психологдордун арасынан түзүлгөн кабыл алуу комиссиясынын чечиминин негизинде).

билим берүү жаатында КР мыйзамдарынын талаптарына ылайык баалоо системасын, формасын, түзүмүн тандоого жана окуучуларды мезгил аралык аттестациядан өткөрүүдөгү өз алдынчалык;

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин регламенттөөчү актыларына ылайык бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациядан өткөрүү, №48 гимназия-мектебинин мөөнү менен тастыкталган билиминин деңгээли тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документ берүү;
- кошумча билим берүү программаларын ишке ашыруу жана кошумча жалпы билим берүү кызматтарын көрсөтүүнү ишке ашыруу, жалпы билим берүү программаларынын жана кызматтарынын статусун окуучулардын ата-энесинин мукулдугу, алардын каалоосу жана төлөнүүчү негизде аныктоо;
- уюштуруучунун демилгеси же анын макулдугу менен билим берүү процессии оптималдоо үчүн каржы ресурстарын рационалдуу пайдалануу максатында филиалдарды түзүү жана кыскартуу;
- улуттук, мамлекеттик программаларды ишке ашыруу;
- жалпы билим берүүнү камсыз кылуудагы ишмердүүлүктү уюштуруу жана жакшыртуу маселелери боюнча жогорку турган мамлекеттик органдарга жана кызмат адамдарына сунуш киргизүү;

ассоциацияларга жана башка коомдук уюмдарга кирүүгө, анын ичинде эл аралык уюмдарга, алардын ишмердүүлүгүнө катышуу;

ассоциация, союз жана башка бирикмелерди түзүү жана ишмердүүлүгүнө катышуу, анын ичинде билим берүүнү өнүктүрүү жана жакшыртуу максатында мекеменин, ишкананын жана коомдук уюмдардын катышуусунда катышуу, ал эми саясий партиялардан, коомдук-саясий, диний кыймылдардын жана уюмдардан тышкары.

№48 гимназия-мектеби төмөнкүлөрдү камсыз кылууга укуктуу:

- жалпы билим берүүнүн сапаты жана анын мамлекеттик билим берүү тандарттарына туура келиши;

окуучулардын жаш курактагы психололгиялык өзгөчөлүктөрүнө, шыгына, өзгөчөлүктөрүнө , кызыкчылыктарына, жашоосун жана ден соолугун сактоо талаптарына билим берүү процессии уюштуруудагы колдонула турган форма, метод жана каражаттардын шайкеш келиши; санитардык-гигиеналык нормаларды сактоо;

чектеш деңгээлдеги билимдин ортосундагы өз ара аракеттешүүсү жана улантуучулугу;

- окуучуларды дени сак жашоого үндөө жана санитардык-гигиеналык тарбиялоо.

Окуучуларга карата физикалык жана психологиялык кыйноо методдорун колдонууга жол берилбейт.

№48 гимназия-мектебинде саясий партияларды, коомдук-саясий, диний кыймылдарды жана уюмдарды түзүүгө жана алардын ишмердүүлүгүнө жол берилбейт;

*6.6* Окуучуларды, тарбиялануучуларды коомдук, коомдук-саясий уюмдарга, кыймылдарга жана партияларга кирүүгө мажбурлоо, ошондой эле аларды мажбурлоо жолу менен аталган уюмдардын ишердүүлүгүнө жана агитациялык компанияларга жана саясий акцияларга катыштырууга жол берилбейт.

*6.7* Окуучулардын, алардын ата-энесинин (аларды алмаштыруучу жактар) укуктары жана милдеттери жалпы билим берүү мекемеси тууралуу бир үлгүдөгү жобонун негизинде №48 гимназия-мектебинин уставы аркылуу аныкталат (12.09.2011 ж. №541 өкмөттүн буйругу менен бекитилген).

*6.8* *№48 гимназия-мектебинде окугандар:*

мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык бекер жалпы билим алууга (башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим);

кошумча, анын ичинде ыктыярдуу негизде жүргүзүлгөн акча төлөнүүчү билим берүү кызматтарын алууга;

өзүнүн ар-намысын, ыйман жана маалымат эркиндигин, ээн эркин көз карашын жана ишенимин сыйлоого;

окуу планында каралбаган иш-чараларга ээн-эркин барууга;

- физикалык жана психикалык кыйноо методдорун колдонууда коргонууга;
- ден соолукту коргоо жана чыңдоо кепилдигин берүүчү окутуу шарттары;
- тездетилген окуу курсу (экстернат);

гимназия-мектебинин китепкана-маалыматтык ресурстарын бекер колдонууга *укуктуу.*

*6.9* *№48 гимназия-мектебинде окугандар милдеттүү:*

№48 гимназия-мектебинин уставынын жоболорун жана ички тартип эрежелерин сактоого;

ак ниеттүүлүк менен окуу жана сабактарга катышуу;

гимназия-мектебинин мүлктөрүн этият колдонуу;

- №48 гимназия-мектебинин башка окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын сыйлоо;
- №48 гимназия-мектебинин кызматкерлеринин уставка жана ички тартип эрежелерине кирген талаптарын аткаруу.

*6.10* *№48 гимназия-мектебинде окугандарга чечкиндүү түрдө тыюу салынат:*

гимназия-мектебинде курал-жарак, спирт ичимдиктерин, тамеки заттарын, уулуу жана баңги заттарын алып келүүгө, берүүгө жана колдонууга;

жарылуу жана өрткө алып келе турган ар кандай заттарды жана каражаттарды колдонууга;

- мамилени аныктоо учун физикалык кучтуу колдонууга, коркутууга жана опузалоого;

айлана-чөйрөгө коркунучтуу натыйжа алып келе турган ар кандай иш-аракеттерди жасоого.

*6.11.* Окуучулардын башка милдеттери ички нормативдик актылар менен жөнгө салынат, ал “Техникалык коопсуздук эрежелери”, “Окуулар үчүн ички тартип эрежелери”, №48 гимназия-мектебинин директорунун буйругу.

6.12 *Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр):*

- баланын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого укуктуу. Алар жазуу түрүндө арыз менен №48 гимназия-мектебинин директоруна кайрыла алышат, ал арыз берилген күндөн тартып 1 айдан кем эмес убакытта жазуу түрүндө жооп бериши керек. Эгерде коюлган баанын объективдүүлүгү боюнча ата-эне менен мугалимдин ортосунда чатак чыкса, адис-сабак берүүчүлөр көз карандысыз комиссия түзүлөт жана алар окуучунун билимин текшеришет жана тиешелүү бааны коюшат;
- педагогикалык кеңештерге катышууга жана баласынын жетишкендиги тууралуу маселени талкуулоодо катышууга;
- №48 гимназия-мектебин башкарууга катышууга, башкача айтканда №48 гимназия-мектебинин башкаруу органын шайлоо жана шайлануу, ошондой эле жалпы мектептик жана класстык ата-энелер чогулушуна катышууга жана өз оюн айтууга;
- билим берүү процессинин жүрүшү жана мазмуну, окуучунун жетишүү баалары менен таанышууга жана ушул максатта баласынын катышуусунда класста өткөрүлгөн мугалимдин сабагына катышууга (№48 гимназия-мектебинин директорунун уруксаты жана сабак алып баруучу мугалимдин макулдугу менен);
- окуу-тарбия процессии регламенттөөчү №48 гимназия-мектебинин уставы жана башка документтери менен таанышууга;
- №48 гимназия-мектебине барууга жана мугалимдер менен алардын акыркы сабагы бүткөндөн кийин (окуу-тарбиялоо процессинин бүтүндүгүн бузуудан качуу максатында) маектешүүгө;
- №48 гимназия-мектебинин өнүгүүсү үчүн ыктыярдуу садака берүү жана максаттуу төгүм берүү, 48 гимназия-мектебин кайтаруу зарылдыгын чечүүгө катышуу.

6.13 *Ата-эне (мыйзамдуу өкүлдөр) жоопкерчиликтүү:*

- талаптагыдай балдарын тарбиялоого жана алардын негизги жалпы билим алуусуна;

  эгерде аны шарттуу түрдө кийинки класска которсо, окуу жылында окуучу академиялык карыздарын жоюу керек;

  окуучулар тарабынан 48 гимназия-мектебинин уставынын аткарылышы;
- №48 гимназия-мектеби тарабынан өткөрүлгөн ата-энелер чогулушуна катышууга;
- №48 гимназия-мектебинин мулктөрүнө этият мамиле кылуу.

6.14 *№48 гимназия-мектебинин кызматкерлери укуктуу:*

  гимназия-мектебин башкарууга катышуу;

  профессионалдык ар-намысты жана кадыр-баркты коргоого.

6.15 *№48 гимназия-мектебинин педагогикалык кызматкерлери укуктуу:*

- №48 гимназия-мектебин башкарууга катышуу; педагогикалык кеңеште иштоөгө;
- №48 гимназия-мектебинин уставына, ички эмгек тартибинин эрежелерине өзгөртүү жана кошумча киргизүү жагын кароо, эмгек жамаатынын жалпы чогулушунда башка чечимдерди талкуулоо жана чечим кабыл алуу;

профессионалдык ар-намысты жана кадыр-баркты коргоо;
жумуш берүүчү мелен түзүлгөн эмгек келишиминин негизинде анын профессионалдык даярдыгына жана квалификациясына жооп берген жумушка;
коопсуздукту камсыз кылган өндүрүш шарттары жана эмгек гигиенасынын талаптарын аткаруу;
билим берүү программасына ылайык, гимназия-мектебинде бекитилген окутуу методикаларын, окуу пособияларын жана материалдарын, китептерин эркин тандоо жана колдонуу, окуучулардын билимин баалоо методдору;
эмгек шарттары жана жумуш ордунда эмгекти коргоо талаптары тууралуу толук жана текшерилген маалыматты алууга;
эмгек келишиминде көрсөтүлгөн жумуштарды жана функционалдуу милдетин аткаргандыгы үчүн эмгек акы алууга;
квалификациясын жогорулатуу: ушул максатта администрация жогорку-профессионалдуу билим берүү мекемелеринде, ошондой эле кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуучу мекемелерде кызматкердин ийгиликтүү билим алуусу үчүн керектүү шарттарды түзүп берет; тиешелүү квалификациялык котегорияга ыктыярдуу түрдө катталуу жана ийгиликтүү аттестациядан өтүүдө аны алуу;
жумуш убактысын улагандык, ошондой эле узартуу төлөнүүчү эмгек өргөөсү;
профессионалдык тартип нормалары жана гимназия-мектебинин уставы бузулганда дисциплинардык иликтөө жүргүзүү (жазуу түрүндө түшкөн даттануунун жана анын көчүрмөсү педагогикалык кызматкерге берилген учурда гана);
өзүнүн эмгек укугун, эркиндигин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн биригүүгө;
өзүнүн эмгек укугун, эркиндигин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн мыйзам тарабынан тыюу салынбаган ыкмалар менен коргоого; мыйзам тарабынан орнотулган тартипте индивидуалдуу жана жамааттык эмгек талаш-тартышты чечүү;
өзүнүн персоналдык сырларын катууга.

6.16. *48 гимназия-мектебинин кызматкерлери милдеттүү:*
билим берүү жаатында КР мыйзамдарынын жана эмгек мыйзамдарынын, №48 гимназия-мектебинин уставынын, ички локалдык актылардын жана квалификациялык мүнөздөмөлөрдүн, атайын тартипте бекитилген кызматтык нускамалардын негизинде ага жүктөлгөн милдеттерди так аткарууга;
ак ниети менен иштөө, эмгек дисциплинасын сактоо, №48 гимназия-мектебинин администрациясынын буйруктарын өз убагында жана так аткаруу, өзүнүн жумуш убактысын өндүрүш эмгегине колдонуу, башка кызматкерлерге алардын эмгек милдеттерин аткарууга тоскоолдук кылуучу аракеттерден кармануу;

билим берүү процессинде балдардын ден-соолугу үчүн персоналдык жоопкерчиликти алуу;

эмгекти жана техника коопсуздугун коргоо эрежелерин сактоо, травмага алып келүүчү баардык учурда администрацияны токтоосуз түрдө маалымдоо;

атайын бекитилген мөөнөттө медициналык кароодон өтүү, санитардык эрежелерди, эмгек гигиенасын сактоо, берилген индивидуалдык коргонуу каражаттары менен колдонуу;

- №48 гимназия-мектебинин бөлмөлөрүн колдонууда өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо;

иштөөчү бөлмөнү, эмеректерди, тетиктерди жана шаймандарды туура жана тыкан колдонуу, тазалыкты сактоо;

- материалдык баалуулуктарды жана документтерди сактоо боюнча бекитилген тартиптерди сактоо;

гимназия-мектебинде өзүн жакшы алып жүрүү, жамаатта өзүн-өзү алып жүрүүнүн этикалык эрежелерин сактоо, ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) жана №48 гимназия-мектебинин кызматкерлери менен сылык жана ачык болуу; окуучулардын адамдык ар-намысын сыйлоонун негизинде гимнази-мектебиндеги дисциплинаны колдоо; физикалык жана психологиялык зомбулук көрсөтүүгө жол берилбейт.

*6.17 №48 гимназия-мектебинин педагогикалык кызматкерлери милдеттүү:*

системалуу түрдө профессионалдык квалификациями жогорулатып туруу;

жылдын планда жарыяланган баардык кеңешмелерге жана семинарларга катышуу, ошондой эле педкеңештердин жыйындарына, маалыматтык жыйындарга, методикалык бирикмелердин жана башка жыйындарга активдүү катышуу;

балдардын ар кандай шыктуулугун аныктоо жана өнүктүрүүгө жардам берүү;

окуу куралдарын эффективдүү колдонуу, сырьену, электр энергиясын жана башка материалдык ресурстарды үнөмдөп жана рационалдуу колдонуу;

- окуучулардын мыйзамдуу укуктарын жана эркиндиктерин сактоо;
- окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен дайыма байланышты колдоо;

педагогикалык кызматкердин компетенциясына байланышкан окуучулардын ата-энесинин же башка жактардын жазуу түрүндөгү арызы боюнча талаш-тартышты чечкенге катышуу;

- бекитилген документацияны өз убагында жана тыкан толтурууга милдеттүү.

## VII. №48 ГИМНАЗИЯ-МЕКТЕБИНИН СТРУКТУРАСЫ

7.1 №48 гимназия-мектебинин структурасы коюлган маселелерди жана бул уставды эске алуу менен директор тарабынан аныкталат.

7.2 персоналдын саны каржы ресурстарынын жана окуучулардын санына жараша өз алдынча аныкталат.

Кызматкерлердин функционалдык милдеттери билим берүү жана илим министрлигинин нормативдик документтери, директор тарабынан бекитилген ички жобо менен аныкталат.

## VIII. ГИМНАЗИЯ-МЕКТЕБИНИН БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ

8.1. №48 гимназия-мектебинин жогорку башкаруу органы жана уюштуруучусу болуп Бишкек шаардык мэриясы, Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгы саналат;

8.2 Уюштуруучунун ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

8.2.1 №48 гимназия-мектебинин билим берүү ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын аныктоо, окуу пландарын макулдашуу жана алардын аткарылгандыгы тууралуу отчетторду бекитүү.

8.2.2 Директорду кызматына бекитүү (дайындоо) жана аны кызматынан бошотуу, анын отчетун бекитүү;

8.2.3 Гимназия-мектебинен акча каражаттарынын түшүүсү жана чыгымдалышы тууралуу жылдык, кварталдык отчетторду, №48 гимназия-мектебинин ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтарды алуу;

8.2.4 Кызматкерлерди жана окуучуларды сыйлыктар жана ардактуу наамдар менен сыйлоо тууралуу сунуштарды, аты көрсөтүлгөн стипендияны белгилөө, ошондой эле кошумча акы төлөө жагын кароо;

8.2.5 №48 гимназия-мектебинин ишмердүүлүгүнүн токтотулушу (реорганизация, жоюу) менен байланышкан маселелерди кароо;

8.3 №48 гимназия-мектебин түздөн-түз башкарууну Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгы тарабынан бекитилген (дайындалган) директор жүргүзөт;

8.4 №48 гимназия-мектебинин директору:

эмгек жамаатын башкарат;

кадрды туура тандоону жана аларды тийиштүү жерге коюуну жүргүзөт;

- кызматкерлерге эмгек акыны төлөө жана сыйлык берүү боюнча ички жобону бекитет;

кредит төлөөчу болуп саналат жана эсептешүү жана каржы документтерине биринчи кол коюу укугуна ээ;

- бюджеттик жана атайын каражаттарын чыгым сметаларын бекитет; чыгым сметаларынын аткарылгандыгы тууралуу отчетту жана балансты бекитет жана кол коет;
- каражаттарды багыттуу колдонууга, чыгым сметасы боюнча бекитилген жалпы билим берүү мекемелерин өз убагында жана толук каржылоону контролдойт;
- кызматкерлердин идеялык-теоретикалык жана квалификациялык деңгээлин көтөрүү үчүн керектүү шарттарды түзөт;
- окуучулардын сапаттуу билими жана тартибин, класстан жана мектептен тышкары иштерди уюштурууну контролдойт;

ишеним каты жок №48 гимназия-мектебин баардык орган дар да, мекемелерде өкүл боло алат; №48 гимназия-мектебинин банктык эсептерин ачат, келишим жана контракттарды түзөт; анын мүлктөрүн башкарууга,

№48 гимназия-мектебине бекитилген мүлктөн тышкары, №48 гимназия-мектеби мүлктүн ээсинин макулдугу менен ээликтен ажыратууга жана башкарууга;

- өзүнүн ыйгарым укуктарына жараша приказ жана буйруктарда чыгарат, алар баардык кызматкерлер жана окуучулар тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш;

Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинин негизинде №48 гимназия-мектебине кызматкерлерди жумушка алат жана аларды кызматтан бошо алат;

өзүнүн ыйгарым укуктарына жараша башка милдеттерди да аткарат.

8.5 №48 гимназия-мектебинин директору Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинде жана ушул уставда каралаган өзүнүн ыйгарым укуктуу милдеттеринин негизиндеги ишмердүүлүгү үчүн ата-энелер, мамлекет, коом жана уюштуруучунун алдында персоналдык жоопкерчиликти тартат;

8.6 Методикалык жана педагогикалык маселелерди, окуу-тарбиялоо процесвин уюштуруу, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны окуу жана таратуу, балдарды окутуу жана тарбиялоо иштеринде үй-бүлө менен мектептин аракеттерин бириктирүүгө көмөк көрсөтүү максатында №48 гимназия-мектебинде педагогикалык кеңеш, методикалык кеңеш, эксперттик кеңеш, ата-энелер комитети, көзөмел кеңеши түзүлөт.

8.7 №48 гимназия-мектебинин педагогикалык кеңеши (мындан ары - Педкеңеш) билим берүү процессии уюштуруу жана ишке ашыруудагы негизги маселелерин кароочу гимназиянын дайыма иштөочу органы болуп саналат. Педагогикалык кеңештин курамына төмөнкүлөр кирет: гимназиянын директору (төрага), анын орун басарлары, педагогдор, психологдор, китепканачы, ата- энелер комитетинин төрагасы, өзүн-өзу башкаруу башка органдардын жетекчилери, уюштуруучунун өкүлү. Педагогикалык кеңеш төмөнку милдеттерди аткарат:

- №48 гимназия-мектебинин окуу планын талкуулайт жана бекитет; өсуп келе жаткан муундун өкүлдерүнө билим берүү жана тарбиялоо, ошондой эле санитардык-гигиеналык норманын сакталышын, эмгекти, ден- соолукту коргоо эрежелеринин сакталышын жана гимназиянын билим берүү маселелерине байланышкан №48 гимназия-мектеби менен өз ара кызматташкан уюмдардын жана мекемелердин докладдары, педагогикалык кызматкерлердин отчеттору жана маалыматтары;
- Окуучуларды окуу жылынын жыйынтыгына жараша аттестациядан өткөрүү, жыйынтыктоочу аттестацияга окуучуларды киргизүү укугу, бүтүрүүчүлөрдү “Мамлекеттик, муниципалдык жалпы билим берүү мекемелеринин бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик аттестация тууралуу жобосу” негизинде экзамендерден бошотуу жана берилген документтердин негизинде окуучуларды кийинки класска которуу (шарттуу түрдө которуу) же аларды кайра ордунда калтыруу; билими тууралуу тиешелуу документтерди берүү, окуудагы ийгиликтери үчүн окуучуларга грамота, бактоо баракчаларын берүү туралуу чечим кабыл алат;

Педгогикалык кеңештин чечими №48 гимназия-мектебинин жамааты үчүн рекомендация кылуучу негизге ээ. №48 гимназия-мектебинин директору тарабынан бекитилген педагогикалык кеңештин чечими аткарылууга тийиш.

8.8. 48 гимназия-мектебинин методикалык кеңеши (МК) педагогикалык кеңештин чечими менен түзүлөт жана директордун буйругу менен бекитилет.

Методикалык кеңеш коллегиалдуу, кеңеш берүүчү, коомдук, профессионалдуу кеңеш болуп саналат. МК негизги максаты болуп кийинкилер саналат: №48 гимназия-мектебинин билим берүү процессии билим-методикасы менен камсыз кылууга, педжамааттын инновациялык ишмердүүлүгүн, педкадрлардын методикалык окуусуна багытталган ар кандай кызматтарды, бөлүмдөрдү, чыгармачыл педагогдорду уюштуруу жана координациялоо.Методикалык кеңеш окуу-тарбия процессии методикалык камсыздоо абалын аныктоонун негизинде педкарлар үчүн окуу-тарбия процесси жана методикалык окуу менен камсыз кылуунун максаттарын жана маселелерин түзөт, гимназиянын негизги багыттарына жана анын өнүгүшө ылайык билим берүү процессинин - концепциясын иштеп чыгат жана ондойт, гимназиянын методикалык кызматынын ишинин абалын жана жыйынтыгын анализдейт, педкадрдын методикалык окуусун уюштурат жана жөнгө салат, анын жыйынтыктарын анализдейт жана баалайт, педагогдордун профессионалдык чеберчилигин өркүндөтүү боюнча багытталган иштерди уюштурат, инновациялык ишмердүүлүк, изилдөө иштери, профессионалдык жакшыртуу көйгөйлөрү боюнча педагогдорду консультациялоо (өзүнүн күчү менен же квалификациялуу адистерди чакыруу жолу менен); убактылуу чыгармачыл топторду түзүү боюнча сунуш киргизет, мектептеги инновациялык процесстер менен камсыз кылуу боюнча керектүү каржылоо, материалдык-техникалык жана башка ресурстар менен, мектептеги инновациялык климатты өнүктүрүү боюнча сунуштарды киргизет;мектепте комплекстүү изилдөөнү жүргүзүүнү демилгелөө жана ишке ашыруу; педагогдордун инновациялык ишмердүүлүгүн баалоо жана демилге жаратуу боюнча сунуш киргизет, ошондой эле аттестация убагында педагогикалык практика, педагогикалык тажрыйбаны жалпылоо жана тартатууну изилдөө боюнча ченем системасын иштеп чыгат; педагогикалык жамааттын мүчөлөрүнүн ишмердүүлүгүн баалайт, мугалимдерди аттестациялоо, категория, баскыч берүү боюнча сунуштарды берет, наам, сыйлык жана башка демилгелерди берет, жаш мугалимдин жана үйрөнчүктүн багытын аныктайт.

Методикалык кеңештин мүчөлөрү болуп мектептеги методикалык бирикмелердин жетекчилери, окуу-методикалык иштери боюнча директордун орун басары (окуу-методикалык, окуу-тарбия, тарбия), методикалык кабинеттин (илим-методикалык) башчысы, окуучулардын илимий коомунун өкүлдөрү, чыгармачыл топтордун жетекчилери, жаңычыл-мугалимдер, мугалим-изилдөөчүлөр (экспериментатор), ошондой башка мекеменин билим берүү, илим, маданият, психологдору саналат.

8.9. №48 гимназия-мектебинин эскперттик кеңеши мугалимдин профессионалдуу ишмердүүлүгүнңн жыйынтыгын объективдүү тыштан баалоо жүргүзүү үчүн түзүлөт. Эксперттик кеңештин ишмердүүлүгүнүн негизги максаты болуп эмгегинин жыйынтыгы боюнча кызыктыруучу төлөмдү бөлүштүрүү үчүн иштелип чыккан жана бекитилген критерийлер боюнча мыкты мугалимдерди аныктоо саналат. Эксперттик кеңештин негизги маселеси болуп төмөнкүлөр саналат: билим берүү жана тарбиялоо процессинин сапатын жогорулатуу үчүн №48 гимназия-мектебинин кызматкери тарабынан демилге жаратуу жана умтулуу, чыгармачыл активдүүлүктү жана демилгени өнүктүрүү; №48 гимназия-мектебинин кызматкерлеринин эмгек акысын жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн кароо; Эксперттик кеңештин ишмердүүлүгуүнүн негизги принциптери: №48 гимназия-мектебинин кызматкерлеринин эмгегин баалоо үчүн коомчулукту тартуудагы ишмердиктин индивидуалдуулугу; №48 гимназия-мектебинин кызматкерлерине карата объективдүү ачыктык, коллегиалдуулук мамилеси.

8.10 Ата-энелер комитета ата-энелердин конференциясы тарабынан 3 жылга түзүлөт. Ата-энелер комитетинин негизги милдети болуп төмөнкүлөр саналат: билим берүү процессии ишке ашыруу үчүн шарттарын жакшыртууда, окуучулардын ден соолугун жана жашоосун коргоодо №48 гимназия- мектебинин жетекчилигине жардам кылуу; окуучулардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоодо, жалпы мектептик иш-чараларды өткөрүү жана уюштурууда, окуучулардын укуктары жана милдеттери, баланы үй-бүлөдө ар тараптуу тарбиялоонун мааниси тууралуу ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) менен ишти уюштуруу.

8.11 №48 гимназия-мектебинин көзөмөл кеңеши - юридикалык статусу жок жактардын тандалуучу органы,уставдык максатарга жетүү үчүн жардам көрсөтүүчү, ошондой эле кошумча каражаттарды тартуу (бюджеттен тышкары) жана аларды максаттуу пайдалануу жагын контролдоочу орган.

8.12 №48 гимназия-мектебинде коомдук уюмдар катары кийинкилер иш алый барат: класстык жана жалпы мектептик ата-энелер комитета, жалпы мектептик ата-энелер конференциясы. Алар балдарды тарбиялоо жана окутуу иштеринде мектеп менен үй-бүлөнүн иш-аракеттерин бириктирет, окуучулардын социалдык жактан корголбогондорун аныктайт жана жардам берет.

8.13 №48 гимназия-мектебинде ошондой эле ыктырдуу түрдө өзүн-өзү башкаруу окуучулар органдары жана окуучулар уюму түзүлүшү мүмкүн. №48 гимназия-мектеби окуучулар органдарына көрөктүү маалыматтарды берет жана №48 гимназия-мектебинин башкаруу органынын жыйындарына катышууга уруксат берет.

Аттестацияны №48 гимназия-мектебинин директору тарабынан бекитилген аттестациялык комиссия өткөрөт.

**IX. № 48 мектеп-гимназиянын финансы-чарбалык ишмердүүлүгү**

9.1. № 48 мектеп-гимназиянын мүлкү төмөнкүлөрдүн эсебинен калыптанат:

- уюпггуруучулар тарабынан ыкчам башкаруу укугунда аларга өткөрүлүп жана бекитилип берилген мүлктөр;

- 48 мектеп-гимназиянын бюджеттик каражаттарынын эсебинен, анын ичинен чарбалык ишмердүүлүктөн алынган кирешелердин эсебинен алынган мүлктөр;

- бюджеттик ассигнованиялардын жана республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден түшкөн башка каражаттардын эсебинен;

-бюджеттен тышкары каражаттардын эсебинен;

-№ 48 мектеп-гимназияга уруксат берилген келишимдик негизде жумуштарды жүргүзүү жана акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүү боюнча ишмердүүлүктөн алыңган кирешелер:

- кредиттер, гранттар жана башка зайым каражаттары;

-Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка негиздер боюнча № 48 мектеп-гимназиясы тарабынан алынган мүлктөр.

9.2. № 48 мектеп-гимназия Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте акы төлөнүүчү кошумча билим берүүчү жана бул Уставда каралган башка кызматтарды көрсөтүүнүн эсебинен, ошондой эле жеке жана юридикалык жактардын, анын ичинен чет өлкөлүк жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктарынын жана максаттуу салымдарынын эсебинен кошумча финансы каражаттарын тарта алат.

9.3. № 48 мектеп-гимназияны мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржылоо бир окуучуга эсептөө менен бюджеттик каржылоонун минималдуу стандартынын негизинде адам башына каржылоонун ченемдери боюнча ишке ашырылат.

9.4. № 48 мектеп-гимназия финансы-чарбалык ишмердүүлүгүн өз алдынча ишке ашырат. № 48 мектеп-гимназиянын менчиги болуп эсептелген финансылык жана материалдык каражаттар бул Уставга ылайык № 48 мектеп-гимназия тарабынан каалагандай колдонулат жана мыйзамдарда башкача каралбаган болсо, тартып алууга жатпайт.

**X. Бул Уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кабыл алуу**

10.1 Бул Уставга өзгөртүүлөр жана толук тоолор эмгек жааматынын жалпы жыйынында кабыл алынат, уюштуруучу тарабынан бекитилет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте катталат.

**XI. Жалпы билим берүүчү уюмдун ишмердүүлүгүн контролдоо**

11.1. Жалпы билим берүүчү уюмдун ишмердүүлүгүн контролдоо бул Уставда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте ишке ашырылат.

**XII. Жалпы билим берүүчү уюмдун ишмердүүлүгүн токтотуу**

12.1. № 48 мектеп-гимназиянын ишмердүүлүгү соттун же уюштуруучулардын чечими боюнча жоюу же кайра уюштуруу түрүндө токтотулуусу мүмкүн (бириктирүү, кошулуу, бөлүү, бөлүнүп чыгуу, өзгөртүү).

12.2. Эреже катары, окуу жылынын аягында ишке ашырыла турган жоюу же кайра уюштуруу болгон учурда, уюштуруучу окуучулардын ата-энелери (аларды алмаштырган адамдар) менен макулдашуу боюнча окуучуларды башка билим берүүчү мекемелерге которуу үчүн жоопкерчиликти өздөрүнө алышат.

12.3. Жоюу Кыргыз республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жоюучу комиссия тарабынан ишке ашырылат.

12.4. № 48 мектеп-гимназиянын ишмердүүлүгүнүн процессинде пайда болгон документтер Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө” мыйзамына ылайык сакталат жана колдонулат.

INTENSIVE W

Перевод с русского языка на кыргызский язык выполнен
Центром языковых переводов **“INTENSIVE”**
Тел.: +996 (0312) 62-22-06 02.12.2013



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ
ЮРИДИКАЛЫК ЖАК МАМЛЕКЕТТИК КАЙРА КАТТООДОН
20____ж. "____" ____________ӨТКӨРҮЛДҮ
№ ____________ КҮБӨЛҮК
Алгачкы катталган күнү 20____ж. "____" ____
МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ
ПРОИЗВЕДЕНА ГОСУДАРСТВЕННАЯ ПЕРЕРЕГИСТРАЦИЯ ЮРИДИЧЕСКОГО ЛИЦА
«26» 06 2012 г.
СВИДЕТЕЛЬСТВО № ГПЮ 0006609
Дата первичной регистрации 20 05 2004 г.

**УТВЕРЖДАЮ:**

**И.О. начальника Управления образования**

**мэрии г. Бишкек**

**Брызгалова О.А.**

**№ ___ от «___» __________ 2012 г.**

# *Устав*
# *Учреждения*
## *«Школа – гимназия №48»*

*Бишкек -2012г.*

## 1.ОБЩИЕ ПОЛОЖЕНИЯ

1.1 «Школа-гимназия №48» является образовательным учреждением, осуществляющим реализацию общеобразовательных программ начального общего, основного общего и среднего общего образования.

1.2. Учредителем Школы-гимназии №48 выступает Управление образования мэрии г. Бишкек, находящееся по адресу: г. Бишкек, ул. Пушкина, 125).

1.3. Организационно-правовая форма – учреждение на праве оперативного управления.

1.4. Школа-гимназия №48 в своей деятельности руководствуется законодательством и нормативными правовыми актами Кыргызской Республики, приказами и распоряжениями Министерства образования и науки Кыргызской Республики, Управления образования мэрии г.Бишкек, других органов управления образованием, а также настоящим Уставом.

1.5. Школа-гимназия №48 создается на неограниченный срок и проходит государственную регистрацию в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики

1.6. Полное наименование на русском языке: образовательное учреждение «Школа-гимназия№48»

1.7.Полное наименование на кыргызском языке: «№48 *Гимназия-мектеби» мекемеси.*

1.8. Сокращенное наименование: *«Школа-гимназия № 48»*

1.9. Юридический адрес Школы-гимназии: *Кыргызская Республика, г.Бишкек, ул. Малдыбаева, д.3, т.545836*

## II. ПРАВОВОЙ СТАТУС ШКОЛЫ-ГИМНАЗИЯ №48

2.1. Школа-гимназия №48, является правопреемником учреждения «Школа-гимназия №48», зарегистрированного 10 февраля 2010 года (регистрационный номер 51292-3301-У-е, серия ГПР № 0089055), обладает всеми правами и обязанностями учреждения «Школа-гимназия №48», является юридическим лицом, имеющим финансово-хозяйственную и правовую самостоятельность, обособленное имущество, самостоятельный баланс, печать, штампы и бланк со своим наименованием на кыргызском и русском языках, расчетные и лицевые счета в органах казначейства и других финансово-кредитных учреждениях.

